**БЕКИТИЛДИ**
**«Компаньон Банкы» ЖАКынын**
**Башкармалыгынын**
**2025-жылдын «30 » апрелиндеги чечими менен**

**2025-жылдын «23» майынан тартып**
**КҮЧҮНӨ КИРДИ**

# «КОМПАНЬОН БАНКЫ» ЖАКынын ЖЕКЕ ИШКЕРЛЕР ҮЧҮН БИРДИКТҮҮ БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ АЧЫК ОФЕРТАСЫ

https://www.kompanion.kg сайтында жарыяланган бул Оферта Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык ачык оферта болуп саналат жана «Компаньон Банкы» ЖАКынын (мындан ары - Банк) жеке ишкерлерге ушул Офертада (мындан ары – Келишим) камтылган шарттарда Бирдиктүү банктык тейлөө келишимин түзүү жөнүндө мөөнөтсүз сунушу болуп саналат.

Келишим Банк тарабынан жеке ишкердин (мындан ары – Кардар) кол коюлган жана Банк тарабынан белгиленген формадагы арызын өз колу менен же электрондук кол тамгасы аркылуу алгандан тартып жазуу жүзүндө түзүлдү деп эсептелет. Акцепт толук жана талашсыз болуп саналат, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 399-беренесинин 3-бөлүгүнө жана 402-беренесине ылайык, Кардар Келишимдин бардык шарттарына макул болгонун жана Келишим түзүлгөнүн (кол коюлганын) билдирет.

Келишим Кардар Банкка түздөн-түз келген шартта же тийиштүү текшерүүдөн, анын ичинде Кардарды аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо жол-жобосунан ийгиликтүү өткөндөн кийин, ошондой эле Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Банктын локалдык ченемдик актыларынын жана Келишимдин талаптарына ылайык банктык тейлөө үчүн зарыл болгон бардык документтерди (анын ичинде патент же ишкердик жүргүзүүгө күбөлүк) жана/же маалыматтарды бергенден кийин гана күчүнө кирет.

Ушул Оферта ал күчүн жоготту деп таанылганга чейин же анын жаңы редакциясы жарыяланганга чейин колдонулат.

## КЕЛИШИМДЕ КОЛДОНУЛГАН ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**Карта ээси** – эсептин ээси болгон жеке жак (кардардын өзү) же кардардын атынан банктык төлөм картасын колдонуу менен операцияларды жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу жак.

**Интернет-банкинг** – бул Кардардын Банкта ачылган банктык эсебин/эсептерин/карталарын, электрондук капчыгын аралыктан башкаруусу. Интернет-банкинг системасын колдонуу жеке компьютерди же ноутбукту жана Кардардын башка түзмөктөрүн пайдалануу менен жалпыга жеткиликтүү Интернет каналдары аркылуу ишке ашырылат. «Интернет-банкинг» системасына кирүү төмөнкү дарек боюнча ишке ашат: http://www.kompanion.kg/ же https: //online.kompanion.kg/Account/Login?ReturnUrl=%2F

**Мобилдик тиркеме** – бул Кардарга Банкта ачылган өзүнүн банктык эсебин/эсептерин/карталарын, электрондук капчыгын аралыктан башкарууга мүмкүндүк берген «Бизнес Компаньон» программалык камсыздоосу. Башкаруу Кардардын мобилдик телефон жана/же планшет жана башка түзмөктөр аркылуу Банкка жөнөтүлгөн билдирүүлөрү жана буйруктары аркылуу ишке ашат.

**OTP-TOKEN** – бул аралыктан башкаруу системасына ар бир кирүү үчүн бир жолку сыр сөздөрдү (one-time password – OTP) түзүп берген атайын түзмөк болуп саналат. Ал Кардарды идентификациялоону жана аутентификациялоону камсыздайт.

**Алыш-бериш эсеби** – акча каражаттарын сактоого жана учурдагы эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө (түшүүлөр, төлөмдөр, башка жеке же юридикалык жактар менен өз ара эсептешүүлөр, башка финансы-кредиттик мекемелерге которуулар) арналган банктык эсеп. Алыш-бериш эсебиндеги акча каражаттарына пайыздар Тараптардын ортосундагы өзүнчө макулдашууларда каралбаган болсо, эсептелбейт жана төлөнбөйт.

**Банктык аманат (депозит) боюнча эсеп** - белгилүү бир мөөнөткө жайгаштырылган акча каражаттарын сактоо жана топтоо үчүн колдонулган жана тараптардын ортосундагы өзүнчө келишимде каралгандай, чегерилген пайыздар боюнча киреше алуу үчүн пайдаланылуучу банк эсеби. Бул Эсеп үчүнчү жактар менен эсеп-кысап жүргүзүүгө арналган эмес.

**ЭТД (Электрондук төлөм документи**) – бул Кардар тарабынан Банкта ачылган банктык эсеп боюнча банктык операцияны жүргүзүү жана/же Банктын кызматтары боюнча башка операцияны аткаруу үчүн аралыктан берилген көрсөтмөсү жана/же тиешелүү арызы болуп саналат. Ал Банкка электрондук түрдө жөнөтүлөт, Кардардын өзү же анын каалоосу боюнча Банк тарабынан түзүлөт жана  Кардардын электрондук кол тамгасын колдонуу менен тиешелүү идентификациялык маалыматтар менен тастыкталат. ЭТД, кардардын өз колу менен коюлган кол тамгасы бар кагаз жүзүндөгү документке тең күчкө ээ болгон электрондук документ деп таанылат жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бирдей юридикалык кесепеттерди пайда кылат.

**Электрондук кол тамга** – бул электрондук төлөм документине тиркелген жана (же) аны менен логикалык жактан байланышкан жана электрондук төлөм документине кол койгон адамдын ким экенин аныктоо үчүн колдонулган, өз колу менен коюлган кол тамганын аналогу катары таанылган электрондук формадагы маалымат.

## 1. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Келишим боюнча Кардар керектүү документтерди берет жана тиешелүү комиссияларды жана төлөмдөрдү төлөө менен банктык кызматтарды алат, ал эми Банк Кардарга банктык эсептерди ачуу, банктык төлөм картасын берүү, аралыктан банктык тейлөө кызматтарын: “Интернет-Банкинг” же Мобилдик тиркемени кошуу боюнча кызматтарды көрсөтөт.
1.2. Банк Кардарга бир же бир нече банктык эсепти: алыш-бериш эсебин жана/же мөөнөттүү аманат (депозит) эсебин (мындан ары – Эсеп) Кардар арызда көрсөткөн валютада, бирдиктүү кардар номери астында ачат.
1.3. Бул Келишим Кардарга «Элкарт Бизнес» / «Visa Бизнес» банктык төлөм картасын (мындан ары – Карта) берүү шарттарын жана тартибин аныктайт.
1.4. Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү жана керектүү техникалык жабдуулары же кирүүчү түзмөгү (уюлдук телефон, компьютер, ноутбук, планшет ж.б.) бар кардар үчүн Банк аралыктан банктык тейлөө көрсөтөт, анын ичинде: банктык эсептерди/аманаттарды/төлөм карталарын ачуу жана аларды Мобилдик тиркеме же "Интернет-Банкингди" (мындан ары – аралыктан банктык тейлөө системасы) колдонуу менен реалдуу убакыт режиминде сутка бою аралыктан башкаруу кызматтары ушул Келишимде, Банктын локалдык ченемдик актыларында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган шарттарда көрсөтүлөт.
1.5. Аралыктан банктык тейлөө системаларында жеткиликтүү болгон аралыктан көрсөтүлүүчү кызматтардын/операциялардын тизмеси (мындан ары – Кызматтардын тизмеси), операциялар боюнча тарифтер жана лимиттер (чектөөлөр) Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана Банктын бөлүмдөрүндөгү маалыматтык такталарда, Банктын www.kompanion.kg корпоративдик сайтында (мындан ары – Банктын сайты) жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштырылат. Кызматтардын тизмеси, тарифтер жана лимиттер (чектөөлөр) Банк тарабынан бир тараптуу тартипте, анын ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарынын негизинде өзгөртүлүшү жана/же толукталышы мүмкүн, мында бул тууралуу Кардарга Банктын бөлүмдөрүндөгү маалымат такталарында, Банктын сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жайгаштыруу менен жана/же башка жеткиликтүү ыкмалар менен билдирилет.
1.6. Келишимге ылайык Кардар Банкка бардык зарыл болгон документтерди же Банк сураган документтерди, анын ичинде патентти же ишкердик жүргүзүүгө күбөлүктөрүн берүүгө жана андан кийин гана Банк көрсөткөн кызматтардан пайдаланууга жана Келишим жана Банктын тарифтерине ылайык алар үчүн Банкка төлөмдү төлөөгө милдеттенет.

## 2. МАКУЛДУКТАР ЖАНА ЫРАСТООЛОР, ЭЛЕКТРОНДУК КОЛ ТАМГА

2.1. Кардар төмөнкүлөрдү тастыктайт жана кепилдейт:
– ушул Келишимде каралган электрондук кол тамга (анын ичинде Код/Коддор) Келишимге, ЭТДга, тескемелерге, макулдуктарга, арыздарга жана аралыктан банктык

тейлөө системаларындагы башка электрондук документтерге кол коюу үчүн колдонулушу мүмкүн;
– арызды жана анкетаны жана толтурууда туура (ишенимдүү) маалыматтар берилген;
– аралыктан банктык тейлөө системасына киргенде жана анкетада Кардардын ыйгарым укуктуу адамынын телефон номери көрсөтүлгөн;
– Кардардын телефон номерине, ошондой эле аралыктан банктык тейлөө түзмөгүнө кирүүгө үчүнчү жактардын мүмкүнчүлүгү жок;
– ал азыркы Келишимдин тексти менен, анын ичинде Кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмеси, тарифтер, лимиттер (чектөөлөр), Мобилдик тиркемени колдонууда коопсуздук талаптары (Келишимге 1-тиркеме) жана Интернет-банкингди колдонуу эрежелери (Келишимге 2-тиркеме), «Компаньон банкы» ЖАКында банктык төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө эрежелери (Банктын сайтында жайгаштырылган), ошондой эле ар бир аяктаган транзакция жөнүндө маалымат алуу ыкмалары, уруксатсыз кирүүгө жол бербөө максатында карталарды бөгөттөө ыкмалары менен таанышты жана макул болду;
– ал маалымат алмашууда, анын ичинде СМС-билдирүүлөр, Интернет аркылуу корголбогон байланыш каналдарын колдонуу менен байланышкан тобокелчиликтерге, ошондой эле үчүнчү жактардын Кодго/Коддорго уруксатсыз кирүү тобокелчиликтерине макул жана аларды толугу менен өзүнө алат.

2.2. Кардар акча каражаттарынын мыйзамдуу ээси экендигин жана анын банктагы Эсебине/Картасына келип түшкөн акча каражаттарынын булагы мыйзамдуу экендигин; анын банктагы Эсеби/Картасы кандайдыр бир мыйзамсыз максаттарда пайдаланылбай турганын тастыктайт.

2.3. Кардар өз каалоосу боюнча, эркин жана аң-сезимдүү түрдө Банкка Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган Келишимге карата 3-тиркемеге ылайык, өзүнүн жеке маалыматтарын чогултууга, иштеп чыгууга, өткөрүп берүүгө, чек аралар аралык өткөрүп берүүгө макулдугун берет.

2.4. Кардар төмөнкүлөргө өзүнүн толук жана шартсыз макулдугун берет:

1) кредиттик бюролорго Кардардын кредиттик таржымалына тиешелүү ар кандай маалыматтарды берүүгө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кредиттик бюролордон жана кредиттик маалымат алмашуу системасынын башка катышуучуларынан кредиттик отчетту Банктын ыйгарым укуктуу кызматкерлери тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган максаттар менен алууга;
2) банктык кызматтарды талаптагыдай көрсөтүү жана мыйзамдардын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарын сактоо максатында Кыргыз Республикасынын салык жана башка мамлекеттик органдарына маалымат берүүгө, ошондой эле алардан жеке ишкердин статусун, карызынын, башка жеңилдиктеринин бар экендигин жана жогоруда көрсөтүлгөн мамлекеттик органдардын карамагында турган маалыматтарды текшерүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды алууга.

Макулдук берилген күн деп Келишимге кол коюлган күн (ушул Офертанын акцептин алган) эсептелет.

2.5. Эгерде Кардар же анын катышуучусу/акционери (түпкү пайда алуучу) Америка Кошмо Штаттарынын резиденти болуп эсептелсе, ал «Чет элдик эсептерге салык салуу жөнүндө (FATCA)» АКШнын мыйзамына жана өкмөттөр аралык/эл аралык макулдашууларга ылайык Банк тарабынан маалыматтардын берилишине макулдугун берет.

2.6. Кардар төмөнкүлөргө макул болуп жана Банкка өзүнүн буйругун (тапшырмасын) берет:

– Банктын кызматтарына төлөө жана/же Банк алдындагы карызды жабуу үчүн өзүнүн Эсептеринен/Карталарынан акча каражаттарын биринчи кезекте акцептсиз тартипте алып коюуга;

– эгерде эсепте 12 (он эки) календардык ай ичинде акча каражаты жок болсо же Кардардын буйруктары боюнча операциялар жүргүзүлбөсө, аралыктан банктык тейлөө системаларына же Кардардын эсебине кирүү мүмкүнчүлүгүн эскертүүсүз жабууга (аларда калган каражаттарды Банктын кассаларынан Кардар тарабынан андан ары алуу мүмкүнчүлүгү үчүн Банктын системадан тышкаркы эсептерине которуу менен);

– мөөнөттүү банктык аманат (депозит) жабылган/кайтарылган учурда депозит боюнча эсепти эскертүүсүз жабууга;

– Картаны чыгарууга арыз берилген күндөн тартып 6 (алты) календардык айдан ашык мөөнөттө кардар Банкка Картаны алуу үчүн келбесе, же Карта боюнча 36 (отуз алты) календардык ай ичинде акча каражаттары/кыймылдар жок болсо, же Кардардын Картасындагы (карт-эсебиндеги) акча каражаттарынын суммасы белгиленген минималдуу өлчөмдөн төмөн болуп калса, же Картанын колдонуу мөөнөтү аяктаса, Картаны кайра чыгаруу шарттары аткарылбаса (Кардардан алып коюу укугу менен) Картаны жана Кардардын тиешелүү Эсебин эскертүүсүз жабууга (токтотууга) укуктуу.

– 12 (он эки) ай бою карта боюнча эч кандай активдүүлүк болбогон учурда, картанын тарифтерине ылайык комиссияны кармап калуу.

2.7. Кардар Банктын кызматтарын жана өнүмдөрүн пайдалануу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуусуна байланыштуу Банк тарабынан жарандык, административдик же кылмыш иши козголгон учурда, Банкка кардар жөнүндө жана анын банктык операциялары (транзакциялары) жөнүндө маалыматты камтыган банктык сырды ачууга макулдугун берет. Макулдук берилген күн деп Келишимге кол коюлган күн (ушул Офертанын акцептин алган) эсептелет.

2.8. Кардар Банктан уруксатсыз карталык операцияларды жүргүзүүнү алдын алуу, тейлөөнүн сапатын жогорулатуу же жарнамалык мүнөздөгү билдирүүлөрдү, Банктын жана анын өнөктөштөрүнүн өнүмдөрү, кызматтары жөнүндө маалыматтык билдирүүлөрдү, жарнамалык акцияларды, арзандатууларды жана атайын сунуштарды, ойнотууларды, конкурстарды, сурамжылоолорду почта аркылуу, SMS-билдирүүлөр, электрондук почтага жана Кардардын телефон номерине push-билдирүүлөр, анын ичинде мессенджерлер ("Telegram", "WhatsApp" ж.б.), ошондой эле телефон аркылуу оозеки түрдө алууга макулдугун берет.

2.9. Тараптар Банк тарабынан аралыктан банктык тейлөө системаларында алынган бардык буйруктар жана башка электрондук документтер төмөнкү касиеттерге ээ экендигин таанышат жана тастыкташат:

– Кардардан келип чыккан түп нускалуу, окшош жана толук документтер болуп саналат;

– аралыктан банктык тейлөө системаларында операцияларды жүргүзүү жана башка юридикалык маанилүү аракеттерди жасоо үчүн негиз болуп саналат;
– Кардардан кагаз түрүндө алынган, Кардар өз колу менен кол койгон жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн тескеме/документтерге теңештирилет жана алар сыяктуу эле юридикалык күчкө ээ.
2.10. Тараптар Келишимге жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кардардын акыркы белгилүү болгон даректери/номерлери боюнча же Мобилдик тиркеме системасы аркылуу жөнөтүлгөн билдирүүлөр жана корреспонденциялар Кардарга жөнөтүлдү жана ал тарабынан алынды деп эсептелингендигин таанышат.
2.11. Тараптар аралыктан банктык тейлөө системасы маалыматты иштетүү, сактоо, кабыл алуу жана берүү учурунда ишенимдүү жана натыйжалуу иштөөнү камсыз кылуу үчүн жетиштүү экенин моюнга алышат.
2.12. Тараптар колдонулуп жаткан технологиялар уруксатсыз кирүүдөн коргоо үчүн, ошондой эле электрондук документтердин аныктыгын тастыктоо үчүн жетиштүү деп таанышат.
2.13. Мобилдик тиркемеге кирүү жана/же тастыктоо үчүн сыр сөздөрдү, коддорду жана башка идентификаторлорду колдонуу (мындан ары – Код/Коддор) электрондук кол тамганы колдонуу деп таанылат.
2.14. Коддорду (авторизация, аутентификация) колдонуу менен Мобилдик тиркемеге киргенден кийин жасалган операцияларды жүргүзүү боюнча тескемелер (төлөм тапшырмалары), Электрондук төлөм документтери, арыздар жана башка аракеттер Кардар тарабынан тийиштүү түрдө жасалган жана Кардардын аракетти/операцияны жасоо чечимин тастыктоо үчүн жетиштүү деп эсептелет.
2.15. Кардардын анкетасында көрсөтүлгөн Кардардын фамилиясы, аты, атасынын аты (бар болсо), ошондой эле Кардар тарабынан киргизилген телефон номери жана Коддор Келишимге же электрондук документке кол койгон Кардарды так аныктаган маалымат болуп саналат.
2.16. Келишимге же электрондук документке электрондук кол тамга койгон адамды аныктоо төмөнкүлөрдү салыштыруу жана окшоштугун аныктоо аркылуу ишке ашырылат:
1) Кардардын анкетасында аны идентификациялоодо көрсөтүлгөн телефон номерин Код жөнөтүлгөн телефон номери менен;
2) жана/же Кардардын телефон номерине жөнөтүлгөн Кодду киргизилген Код менен;
3) ) жана/же Мобилдик тиркемеге биринчи жолу киргенде киргизилген ПИН-кодду Мобилдик тиркемеге кийинки кирүүдө киргизилген ПИН-код менен.
Жогоруда көрсөтүлгөн Кардарды аныктоонун ыкмаларынын бири жетиштүү болуп саналат. Банк өз ыктыярына жараша электрондук документке кол койгон адамды аныктоонун кошумча ыкмаларын колдоно алат.
2.17. Жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу боюнча Келишим менен жөнгө салынбаган башка мамилелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

## 3. КАРДАРДЫ КАТТОО ЖАНА ИДЕНТИФИКАЦИЯЛОО

3.1. **Мобилдик тиркемеде каттоо:**

3.1.1. Мобилдик тиркемени мобилдик түзмөккө орнотуу үчүн аны Apple (Apple Store) же Google/Andriod (Play Маркет) тиркеме дүкөндөрүнөн жүктөп алуу керек.
3.1.2. Каттоо үчүн, Кардар мобилдик тиркемеде өзүнүн идентификациялык салык номерин жана ага таандык болгон учурдагы уюлдук телефон номерин көрсөтөт, андан кийин мобилдик тиркеме үчүн кеминде 8 белгиден турган сыр сөздү ойлоп таап киргизет: тамгалар (кичине жана баш тамгалар), атайын белгилер жана сандар. Көрсөтүлгөн телефон номерине бир жолку төрт орундуу код (OTP-код) бар СМС билдирүү жөнөтүлөт. Бул OTP-код Кардар тарабынан Мобилдик тиркеменин атайын талаасында ал күчүндө (жарактуу) болгон кыска мезгил ичинде киргизилиши керек.
3.1.3. Кардар мобилдик тиркемеге кийинки жолу кирүү ыңгайлуу болушу үчүн коопсуздук талаптарына жооп берген төрт орундуу ПИН-код ойлоп таап киргизиши керек (Келишимге №1 тиркеме), ошондой эле каалоосу боюнча манжа изин/бетин (face id) сканерлей алат (эгерде бул функция Кардардын мобилдик түзмөгүндө болсо).
3.1.4. Мобилдик тиркемеге кийинки кирүүлөрдүн айрым учурларында (мисалы, Мобилдик тиркеме жаңырганда, ПИН-код өзгөргөндө ж.б. учурларда) Кардар Келишимдин 3.1.2 жана 3.1.3-пункттарында көрсөтүлгөн аракеттерди кайрадан аткарууга тийиш.

3.2. **Интернет-банкингде каттоодон өтүү:**
3.2.1. Кардарды "Интернет-банкинг" системасына кошуу Банк тарабынан берилген формага ылайык Кардардын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде жүргүзүлөт.
3.2.2. Аралыктан банктык тейлөө системаларында тейлөө Кардарга жеке компьютер, ноутбук, планшет, уюлдук телефон жана Кардардын башка түзмөктөрү аркылуу Интернет тармагы аркылуу аралыктан көрсөтүлөт.
3.2.3. Кардар ушул Келишим түзүлгөндөн кийин, Банктан аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүү үчүн идентификациялык маалыматтарды алгандан кийин жана №2 тиркемеде жайгашкан жана ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган аралыктан банктык тейлөөнү (Интернет-банкинг) колдонуу эрежелери менен таанышкандан кийин аралыктан банктык тейлөө кызматтарын колдонуу укугуна ээ болот.

3.3. **Кардарды идентификациялоо:**
3.3.1. Кардарды идентификациялоо төмөнкү (тартипте өтөт) жолдор аркылуу жүргүзүлөт:
– Банктын бөлүмдөрүндө (же мүмкүн болсо - Банктын агенттеринин бөлүмдөрүндө);
– Мобилдик тиркеме аркылуу аралыктан тейлөө режиминде;
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка тартипте.
3.3.2. Кардар мобилдик тиркеме аркылуу аралыктан идентификациялоо үчүн, нускамаларды аткарып, паспорттук жана башка маалыматтарды киргизиши керек, паспорттун алдыңкы жана арткы беттерин сүрөткө тартышы керек, паспорту менен өзүн сүрөткө тартышы керек, суроолорго үн менен жооп бериши керек, Банктын автоматтык биометриялык системалары аркылуу инсандыгын текшерүү үчүн өзүнүн жүзүнүн видео жазуусун баштоосу керек (көрсөтүлгөн аракеттердин бирин же бир нечесин жасоо талап кылынбашы мүмкүн), башка аракеттерди жасоосу керек.
3.3.3. Кадимки идентификациялоо үчүн же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда, же Финансылык чалгындоо мамлекеттик кызматынын, Кыргыз

Республикасынын Улуттук банкынын, Банктын талабы боюнча Кардар Банктын бөлүмдөрүндө (же мүмкүн болгон учурда Банктын агенттеринин бөлүмдөрүндө) идентификациялоо жол-жобосунан өтүүгө тийиш.
3.3.4. Кардар Келишимдин 3.3.2, 3.3.3-пунктчаларында көрсөтүлгөн аракеттерди аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда, ошондой эле Келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда Банк Кардарды идентификациялоодон баш тартат.
3.4. Кардардын жеке маалыматтары (толук аты-жөнү, паспорт маалыматтары же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өздүгүн ырастоочу башка көрсөтүлгөн документтин маалыматтары) жана Кардарды идентификациялоодо Банкка берилген Кардардын башка жеке маалыматтары Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

## 4. БАНКТЫК КЫЗМАТТАРДЫ КӨРСӨТҮҮ ЖАНА ЭСЕПТЕРДИ АЧУУ, ТЕЙЛӨӨ ТАРТИБИ

**4.1. Банк бөлүмдөрүндө эсеп ачуу жана тейлөө**

4.1.1. Банк бөлүмдөрүндө Эсеп (эсептер) Кардарга Кыргыз Республикасынын (мындан ары – КР) мыйзамдарынын талаптарына жана Банктын ички ченемдик актыларына ылайык талап кылынган документтердин толук топтому менен жазуу түрүндөгү арыздын негизинде ачылат.
4.1.2. Эсептин номери Кардарга жазуу түрүндө берилет.
4.1.3. Төлөм документтери Банк белгилеген убакыт аралыгында аткарууга кабыл алынат. Төлөмдөрдү кабыл алуу мөөнөттөрү жана наркы Банктын операциялык залдарындагы маалыматтык стенддерде жана Банктын расмий сайтында жайгаштырылган Банктын Базалык тарифтеринде (мындан ары -Тарифтер) көрсөтүлөт.
4.1.4. Кардардын эсеби боюнча бардык операциялар Кардардын же Кардардын каалоосу боюнча Банк тарабынан түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык таризделген төлөм документинин негизинде жазуу жүзүндөгү буйрук алынгандан кийин, эгерде ушул Келишимде же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, Эсептеги акча каражаттарынын калдыгынын чегинде жүргүзүлөт.
4.1.5. Эгерде Кардар Банкка өз эсебиндеги калдыктан ашык суммадагы бир нече операцияларды аткарууну тапшырса, Банк ошол операцияларды Эсептеги калдыктын чегинде өз ыктыярына жараша жана/же КР мыйзамдарына ылайык аткарат.
4.1.6. Эсеп боюнча бардык төлөмдөр жана операциялар эсептин валютасында жүргүзүлөт. Эгерде түшкөн акчанын валютасы Эсептин/Картанын валютасынан айырмаланса, Банк бул сумманы тиешелүү валютаны сатып алуу курсу боюнча же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча конвертациялай алат (мүмкүнчүлүк болгон учурда).
4.1.7. Кардардын пайдасына келип түшкөн чет өлкөлүк валютадагы акча каражаттар Банк тарабынан тиешелүү банк-корреспонденттин эсебинин көчүрмөсүн алган күндөн кийинки иш күндөн кеч эмес чегерилет. Техникалык мүчүлүштүктөрдүн же башка себептердин негизинде туура эмес курс боюнча жүргүзүлгөн валюталык операция болгон учурда, операциянын суммасы Банк тарабынан тиешелүү валютанын сатып алуу боюнча

ишенимдүү курсу же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча кайра эсептелүүгө жана конвертацияланууга тийиш. Мындай учурда Кардар келип чыккан айырманы 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде Банкка компенсациялоого милдеттүү.
4.1.8. Кардардын эсебине акча каражаттарын чегерүүгө негиз болгон төлөм документтеринде толук эмес, бурмаланган, так эмес же карама-каршы маалымат камтылган учурларда же мындай документтер жок болгон учурда, Банк керектүү маалыматты камтыган документтерди алганга чейин Кардардын эсебине келип түшкөн сумманы чегерүүнү кечиктирүүгө укуктуу. Банк ошондой эле документте Кардардын толук идентификациясы үчүн зарыл болгон маалымат жок же туура эмес көрсөтүлгөн учурда жөнөтүүчүгө сумманы кайтарып берүүгө укуктуу.
4.1.9. Алыш-бериш эсебиндеги акча каражаттарына пайыздар Тараптардын ортосундагы өзүнчө келишимдерде/макулдашууларда каралбаган болсо, эсептелбейт жана төлөнбөйт.

**§ 4.2. Аралыктан кызмат көрсөтүүнүн тартиби**
4.2.1. Бул Келишимдин алкагында Кардарга Банктын кызматтары «http://www.kompanion.kg» сайтында жана/же Банктын тиешелүү Мобилдик тиркемесинде көрсөтүлгөн тарифтер боюнча көрсөтүлүшү мүмкүн.
4.2.2. Көрсөтүлгөн кызматтардын тизмеси толук эмес жана Банк тарабынан http://www.kompanion.kg сайтына же Мобилдик тиркемеге тиешелүү маалыматты жайгаштыруу аркылуу бир тараптуу тартипте өзгөртүлүшү жана/же толукталышы мүмкүн.
4.2.3. Тараптар аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүү үчүн идентификациялык маалыматтар Кардардын электрондук кол тамгасынын аналогу болуп саналарын жана Кыргыз Республикасынын (мындан ары – КР) мыйзамдары менен жөнгө салынарын таанышат. Бул Келишимдин тараптары ошондой эле аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүү үчүн идентификациялык маалыматтар "Кардардын кол тамгаларынын (жана мөөрүнүн изинин) карточкасында" көрсөтүлгөн Кардардын/ыйгарым укуктуу адамдардын өз колу менен коюлган кол тамгасына жана Кардардын мөөрү менен күбөлөндүрүүгө (эгерде бар болсо) тең деп таанышат.
4.2.4. Кошумча коргонуу каражаты катары, Кардар тарабынан аралыктан банктык тейлөө кызматтарын каттоо боюнча арызда көрсөтүлгөн телефон номерине жөнөтүлгөн бир жолку сыр сөздөрдү алуу же манжа изин/беттин сүрөтүн (face ID) колдонуу, ошондой эле SMS билдирүүлөр/push-кабарламалар жана башка аутентификация ыкмалары колдонулат. Кардар Банкка берген телефон номерин же Кардардын биометрикалык маалыматтарын колдонуу менен тиешелүү мобилдик жабдууларды пайдалануу учурларын кошпогондо, бир жолку сыр сөзсүз аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүү мүмкүн эмес.
4.2.5. Тараптар ЭТД (электрондук төлөм документи) — Бул Банкта ачылган Кардардын эсептери/депозиттери/Карталары/электрондук капчыгы боюнча банктык операцияларды жүргүзүү тууралуу же Банктын башка кызматтары боюнча операцияларды жүргүзүү тууралуу Кардардын аралыктан башкаруу аркылуу берген тескемеси жана/же тиешелүү арызы болуп саналарын таанышат. Бул тескеме Кардардын өзүнүн же Банктын демилгеси менен түзүлүп, Кардардын электрондук кол тамгасын колдонуу менен тиешелүү идентификациялык маалыматтар аркылуу тастыкталат.

Кардардын аралыктан банктык тейлөө системалары аркылуу операцияларды жүргүзүү тууралуу берген ЭТД Кардардан КР мыйзамдарына ылайык кагаз жүзүндө тариздeлип, алынган тескемеге барабар деп эсептелет.

4.2.6. Кардардын аралыктан банктык тейлөө системаларында операцияларды жүргүзүү тууралуу тескемелери же арыздары электрондук ыкма аркылуу, Кардар тарабынан система ичинде тастыкталган ЭТД түрүндө Банкка жөнөтүлөт.

4.2.7. ЭТД Банктын расмий сайтында жайгаштырылган аралыктан банктык тейлөө системаларындагы кызматтардын тизмеси жана тейлөө графигине ылайык, Банктын иш күндөрүндө аткарылат. Белгиленген убакыттан кийин келип түшкөн ЭТД кийинки операциялык күнү аткарылат.

4.2.8. Накталай эмес түрдөгү эсептешүү Кардар үчүн Банк тарабынан төлөм документин аткарууга кабыл алуу жөнүндө тастыктама алынган учурдан тартып кайтарылгыс болуп калат жана Кардардын эсеп/эсептеринен акча каражаттары кармалып алынган учурдан тартып акыркы болуп эсептелет.

4.2.9. Банк төмөнкү учурларда аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүү мүмкүнчүлүгүн убактылуу токтотот же толугу менен жабат:

- 3 (үч) жолу катарынан идентификациялык маалыматтарды (колдонуучунун аты, сыр сөз) туура эмес киргизүү;
- Банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөмдүн жоктугу;
- аралыктан банктык тейлөө системалары менен иштөөдө техникалык мүчүлүштүктөр пайда болгон учурда;
- программалык камсыздоону алмаштыруу жана алдын алуу иштерин жүргүзүү;
- ушул Келишимди аткаруу менен байланышкан талаштуу жагдайлардын пайда болушу;
- алдамчылык операцияларды жасоо боюнча шектенүүлөр;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурлар.

4.2.10. Техникалык көйгөйлөрдү жоюу мезгилинде Кардар банктык операцияларды кагаз жүзүндө толтурулган төлөм документин Банкка берүү менен жүргүзүшү керек. Кардардын арыздарын жана дооматтарын берүү/кабыл алуу тартиби, аларды кароо жана чечүү шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат.

4.2.11. Кардарларды тейлөө үчүн байланыш телефону: 0312 33 88 00, 8800.

4.2.12. Аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу жүргүзүлгөн бардык төлөмдөр кызмат көрсөтүүчү уюмдун тиешелүү системасында өз ара эсептешүүлөр аяктагандан жана акыркы эсептешүүлөр жүргүзүлгөндөн тартып ырасталган жана акыркы (шартсыз жана кайтарылгыс) деп эсептелет.

4.2.13. 4.1.6.- 4.1.8-пункттчаларында көрсөтүлгөн жоболор аралыктан кызмат көрсөтүүдө да колдонулат.

4.2.14. Төмөнкү учурларда операциянын жүргүзүлүшү мүмкүн эмес:

– Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган лимиттен ашканда жана чектөөлөр бузулса;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана/же Келишимдин шарттарын бузуу, анын ичинде юридикалык жактан же жеке ишкерден аралыктан идентификацияланган жеке жактын пайдасына которуунун келип түшүшү, мурда жасалган төлөмдү кайтаруу операциясынан тышкары (мисалы, товардан же кызматтан баш тартууга байланыштуу),

ошондой эле аралыктан идентификацияланган Кардардын коммерциялык эмес уюмдун (резиденттин) пайдасына операциясы;
– Интернет тарамына туташуу жок болсо же туташууда мүчүлүштүктөр болсо;
– аралыктан банктык тейлөө системаларында техникалык иштердин жүргүзүлүшү;
– Келишимде (анын ичинде 7.1.12-пунктчада), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

**§ 4.3. Банк аманатын (депозитти) тейлөө**

4.3.1. Келишимдин алкагында Кардар банктык аманат (депозит) боюнча эсеп ача алат, анын шарттары ушул параграфта, Кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесинде же аралыктан банктык тейлөө системаларындагы депозит жөнүндө маалыматта камтылган.

4.3.2. Депозиттин жалпы шарттары; валютасы, мүмкүн болгон мөөнөттөрү, баштапкы минималдуу суммасы, баштапкы максималдуу суммасы, бир жолку толуктоонун минималдуу суммасы, айына толуктоолордун максималдуу суммасы, пайыздарды төлөө тартиби, пайыздарды капиталдаштыруу тартиби жана мөөнөтү (эгерде капиталдаштыруу каралган болсо) жана башка шарттар Банк тарабынан кардардын өз алдынча изилдөөсү үчүн берилет.

4.3.3. Депозиттин мөөнөтүн Кардар өз алдынча тандайт жана депозиттин суммасы Кардар тарабынан киргизилет (толукталат). Депозит боюнча номиналдык пайыздык чени депозиттин мөөнөтүнө жараша белгиленет. Депозиттин суммасы, мөөнөтү жана номиналдык пайыздык чени мындан ары аралыктан банктык тейлөө системаларындагы депозит жөнүндө маалыматта көрсөтүлөт.

4.3.4. Ушул параграфтын шарттары жана Келишимдин депозитке тиешелүү башка шарттары сумма банктагы депозит эсебине келип түшкөн учурдан тартып күчүнө кирет жана депозит кайтарылган күнгө чейин күчүндө болот.

4.3.5. Депозит дем алыш/майрам күндөрүндө ачылган же кошумча толукталган (эгерде толуктоо каралса) учурда ал кийинки жумушчу күнү кабыл алынды деп эсептелет.

4.3.6. Депозиттин суммасы боюнча пайыздар аны Банкка кабыл алган күндөн тартып, ал эми депозитти толуктоо суммасына (эгер толуктоо каралган болсо) - аны Кардарга кайтарып берүүдөн же башка негиздер боюнча Кардардын эсебинен аны эсептен чыгарып алуудан мурунку күнгө чейин чегерилет.

4.3.7. Пайыздарды чегерүү үчүн жылдын базасын эсептөөдө жылдагы күндөрдүн иш жүзүндөгү саны эске алынат.

4.3.8. Эгерде Тараптардын ортосунда башкача өзүнчө келишимдер/макулдашуулар менен каралбаса, кошулган пайыздарды төлөө ай сайын же депозиттин мөөнөтү аяктаганда (депозитти кайтаруу күнү) жүргүзүлөт.

4.3.9. Эгерде депозиттин жана/же чегерилген пайыздарды кайтаруу датасы дем алыш же майрам күнүнө туш келген учурда алар кийинки жумушчу күнү төлөнүп берилет.

4.3.10. Депозиттин мөөнөтүн автоматтык түрдө узартуу мүмкүнчүлүгү каралган эмес.

4.3.11. Депозитти кайтаруу датасы келгенде жана ал талап кылынбаган учурда, ушул параграфтын (депозиттик келишимдин) аракети токтотулат, ал эми депозитке Банктын учурдагы тарифтерине ылайык талап кылынуучу депозиттин шарттары колдонулат. Банк депозиттин суммасын жана чегерилген пайыздарын алыш-бериш эсебине которуп, депозиттин эсебин жабат.

4.3.12. Кардардын демилгеси боюнча депозиттин суммасы мөөнөтүнөн мурда толук же жарым-жартылай алынган учурда, депозиттер боюнча пайыздардын жалпы чегерилген суммасы төлөнбөйт.
4.3.13. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык ушул параграфтын (депозит жөнүндө келишимдин) шарттары боюнча алынган пайыздардын суммасынан салык кармап калуу шарты каралса, Банк андай салыкты төлөнгөн пайыздардын суммасынан же кайтарып берилген депозиттин суммасынан кармап калат.
4.3.14. Депозит "Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык корголгон.
4.3.15. Депозиттин ушул Келишимде каралбаган башка шарттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.
4.3.16. Кайтарып берүүнүн башка шарттарындагы аманаттын шарттары өзүнчө келишим менен жөнгө салынат.

**§4. 4. Банктык төлөм картасын тейлөө**

4.4.1. Кардардын өз колу менен же электрондук кол тамга менен кол коюлган тиешелүү арыздарынын негизинде, Карта ээсин идентификациялоо жүргүзүлгөндөн кийин, ошондой эле Кардар www.kompanion расмий сайтында жайгаштырылган «Компаньон Банкы» ЖАКынын Банктык төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө эрежелери (мындан ары текст боюнча – Эрежелер) менен толук таанышып, аларды шартсыз жана талашсыз кабыл алгандан кийин Банк Картаны чыгарат жана анын тейлөөсүн камсыз кылат.
4.4.2. Банк тарабынан чыгарылган Картаны чыгаруу жана тейлөө Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган Эрежелерге, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Келишимдин тиешелүү бөлүгүнө ылайык жүргүзүлөт.
4.4.3. Карта Банктын менчиги болуп саналат жана Кардар картаны КР мыйзамдарына, жергиликтүү жана эл аралык төлөм системаларынын эрежелерине (картага жараша) жана ушул Келишимдин шарттарына, анын ичинде Эрежелерге ылайык пайдаланат.
4.4.4. Картанын ээси картада көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү аяктаганга чейин 1 (бир) календардык ай мурда, ошондой эле Карта жоголгон/уурдалган/мыйзамсыз колдонулган учурда дароо Банкка Картаны кайра чыгаруу жөнүндө жазуу жүзүндө арыз менен кайрылууга тийиш.
4.4.5. Картанын ээси КР мыйзамдарына ылайык Карта боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон документтерди Банкка тапшырат.
4.4.6. Эсеп/карта боюнча акча каражаттарын чегерүү/алуу операциялары төмөнкү учурларда жүргүзүлбөйт:

- эгер операциялар КР мыйзамдарына каршы келсе;
- эгер карточкалык чыгым операциясынын суммасы Эсептеги акчанын калдыгынан ашып кетсе;
- эгер Банк же Картанын ээси тарабынан операцияларга лимиттер жана чектөөлөр коюлган болсо;
- эгер Карта бөгөттөлгөн, алынган же мөөнөтү бүтүп калган болсо;
- төлөмдөрдү жана акча которууларды жүргүзүү үчүн туура эмес/жетишсиз реквизиттер көрсөтүлгөн болсо;

- карточкалык операция уруксатсыз же шектүү болуп, аны тастыктоо үчүн Кардардан кошумча ырастоо талап кылынган болсо.

4.4.7. Банк коопсуздукту камсыз кылуу, ошондой эле маркетингдик жана башка максаттарда, Карта ээси тарабынан Карта аркылуу жүргүзүлгөн операциялар жана башка маалыматтар тууралуу маалыматты Кардар тарабынан тиешелүү документтерде көрсөтүлгөн электрондук дарекке же мобилдик телефонуна жөнөтүүгө укуктуу, жана бул үчүн Банк үчүнчү тараптардын кызматтарын пайдаланууга акылуу.

4.4.8. Кардар төмөнкү учурларда Банк жоопкерчилик тартпайт дегенге макул болот:

1) үчүнчү тарап (өлкө же башка банк) Картаны тейлөөдөн баш тартса;
2) Картанын жардамы менен сатып алынган товарлардын жана кызматтардын сапаты начар болсо;
3) Карта ээси турган өлкөнүн валюталык чектөөлөрү, Карта боюнча лимиттер, чектөөлөр жана үчүнчү тарап тарабынан белгиленген кошумча сый акылар (Тарифтерде көрсөтүлбөгөн), алар Карта ээсинин кызыкчылыктарына зыян келтириши мүмкүн;
4) карта жөнүндө маалыматтардын (анын ичинде анын реквизиттери, ПИН, коддук сөзү) Банктын күнөөсү жок үчүнчү жактарга белгилүү болушунун натыйжасында келип чыккан ар кандай кесепеттер;
5) Карта ээсине байланыш каналдары аркылуу, анын ичинде SMS, Push, электрондук почта, факс, телефон ж. б. тексттик билдирүү аркылуу жөнөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугу бузулган учурда;
6) Кардар жоготкон же уурдалган Картаны өз убагында бөгөттөбөөнүн, ошондой эле Эсепке уруксатсыз кирүүнүн кесепеттери;
7) Картанын ээси тарабынан Картанын реквизиттери (анын ичинде ПИН-код, купуя сөз) үчүнчү жактарга берилгендигинен Кардарга келтирилген зыян үчүн;
8) КР мыйзамдарын жана ушул Келишимдин талаптарын Картанын ээси аткарбаган же туура эмес аткаргандыгынан улам банктык сыр ачылып калган учурда келип чыккан бардык кесепеттер үчүн;
9) Карта ээси SMS-билдирүүнү/башка билдирүүнү албаса же берилүүчү маалымат үчүнчү жактарга жеткиликтүү болуп калса, пайда болушу мүмкүн болгон зыян үчүн.

4.4.9. Карта ээси Эсептеги валютадан айырмаланган валютада операция жүргүзгөн учурда бир валютаны башка валютага конвертациялоо схемасы, ошондой эле конвертация учурунда алмашуу курсу тууралуу маалымат берүү тартиби Эрежелерде көрсөтүлгөн.

4.4.10. Картанын ээси тарабынан коопсуздук эрежелерин сактоонун негизги талаптары (ПИН-кодду колдонуу, лимиттер, Карта жоголгон же уурдалган учурда көрүлө турган чаралар), ошондой эле Картаны бөгөттөө, жокко чыгаруу жана алып коюу шарттары да Эрежелерде көрсөтүлгөн.

## 5. КЫЗМАТТАР ҮЧҮН ТӨЛӨМ ТАРТИБИ

5.1. Банктын кызматтары (банктын операцияларды жүргүзүү үчүн комиссиясы, мындан ары - комиссия) Кардар тарабынан, эгерде Келишимге кошумча жазуу жүзүндөгү макулдашууда башкасы каралбаса, Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык төлөнөт.
5.2. Банк Тарифтерди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө укуктуу. Өзгөртүлгөн Тарифтер күчүнө киргенге чейин кеминде 10 (үч) жумушчу күн мурун Банктын операциялык залдарындагы маалымат такталарында жайгаштыруу, расмий www.kompanion.kg сайтына жайгаштыруу же аралыктан банктык тейлөө системаларында маалыматтык билдирүү аркылуу кардарларга маалымдалат.
5.3. Банк кызматтары үчүн төлөмдөр Келишимге ылайык, Банктын Кардардын каалаган эсебинен жана/же Картасынан акча каражаттарын кошумча макулдугусуз (акцептсиз) кармоо жолу менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Валюталары айырмаланган учурда Банк алынуучу Комиссиянын суммасын ошол күнгө карата Банктын тиешелүү валютаны сатып алуунун курсу же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу боюнча конвертациялоого укуктуу.
5.4. Кардардын буйруктарын аткаруу менен байланышкан Банктын жана/же үчүнчү жактардын бардык чыгымдары Кардардын эсебинен төлөнөт.
5.5. Комиссия операциянын суммасына кирбейт жана аны азайтпайт. Эгерде тарифтерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, Комиссиянын өлчөмүнүн ичине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык салыктар жана жыйымдар кирет.
5.6. Кардардын катачылыгынан улам жүргүзүлгөн операция боюнча алынган комиссиянын суммасы кайтарылып берилбейт.

## 6. КАРДАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**6.1. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:**
6.1.1. кызматтардан Келишим менен каралган тартипте жана шарттарда пайдаланууга;
6.1.2. Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларын эске албаганда, Эсептеги, Картадагы акча каражаттарын эркин тескөөгө;
6.1.3. Эсепти жүргүзүү боюнча тапшырмаларды берүү жана Эсеп/Карта боюнча маалымат алууга;
6.1.4. зарыл болгон учурда Банктан аралыктан банктык тейлөө системаларында жүргүзүлгөн операциялар боюнча тескемелердин (төлөм тапшырмаларынын) аткарылышынын кагаз жүзүндөгү тастыктоосун (көчүрмөлөрүн) жана Келишимде каралган тартипте Эсептер/Карталар боюнча көчүрмөлөрдү алууга;
6.1.5. комиссия төлөнгөн же Банктын алдындагы карызы жабылган жана Банк менен башка эсептешүүлөр аяктаган шартта Банкка жазуу жүзүндөгү арыз берүү жолу менен Келишимди бир тараптуу токтотууга;
6.1.6. Картага, кардардын идентификациялык маалыматтарына (колдонуучунун аты, сыр сөзү), анын ичинде аралыктан банктык тейлөө системаларына уруксатсыз кирүү же кирүүгө аракеттер аныкталган учурда, Банкка Картаны, кардардын идентификациялык маалыматтарын (колдонуучунун аты, сыр сөз) бөгөттөө талабы менен кайрылууга;
6.1.7. аралыктан банктык тейлөө системаларынын иштөө эрежелери боюнча консультация алуу үчүн;

6.1.8. аралыктан банктык тейлөө системалары үчүн өзүнчө арыздын негизинде Банк тарабынан белгиленген жалпы лимиттердин чегинде бир транзакция боюнча күнүмдүк лимиттерди жана лимиттерди алуу же Картаны колдонууга чектөөлөрдү/лимиттерди алып салуу/өзгөртүү/калыбына келтирүү;

6.1.9. аралыктан банктык тейлөө системалары үчүн идентификациялык маалыматтарды (колдонуучу аты, сыр сөз) өзгөртүү;

6.1.10. Банк тарабынан бекитилген жана маалыматтык такталарда же Банктын сайтында жайгаштырылган тартипке ылайык Банк тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтар боюнча даттанууларды жана кайрылууларды берүү.

**6.2. Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

6.2.1. Банкка эсеп/карта ачуу жана ал боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн КР мыйзамдарында жана Банктын локалдык ченемдик актыларында каралган зарыл документтердин пакетин берүүгө;

6.2.2. Банктын биринчи талабы боюнча 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде Кардардын ишине жана ал жүргүзгөн банктык операцияларга тиешелүү суралган маалыматты жана документтерди, ошондой эле КР мыйзамдарынын талаптарына ылайык кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана террористтик же экстремисттик ишмердүүлүктү каржылоого каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу операциянын/операциялардын мыйзамдуулугун жана экономикалык максатка ылайыктуулугун тастыктаган документтерди берүүгө милдеттүү. Банктын талабы жазуу жүзүндө да, оозеки түрдө да болушу мүмкүн;

6.2.3. Банк тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарды мыйзамга каршы максаттарда колдонбоого, анын ичинде КР мыйзамдарына ылайык, кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана террористтик же экстремисттик ишмердүүлүктү каржылоого багытталган аракеттерди/операцияларды жүргүзбөөгө;

6.2.4. эсептеги/картадагы жаңылыш жасалган операциялар же уруксатсыз операциялар жөнүндө Банкты дароо кабардар кылууга жана Банк тарабынан жаңылыш которулган акча каражаттарын аныктагандан жана/же Банк билдиргенден кийинки күндөн кечиктирбестен Банкка кайтарып берүүгө;

6.2.5. 1 (бир) жумушчу күндөн кечиктирбестен, Банкты бардык жеке маалыматтардын өзгөрүшү, ошондой эле ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга таасир этиши мүмкүн болгон маалыматтар (даректердин, телефон номерлерининин, реквизиттердин өзгөрүшү, мөөрүн жоготуу ж.б.) жөнүндө зарыл документтерди тиркеп, жазуу жүзүндө кабардар кылуу. Кардар бул пунктта көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр жөнүндө Банкка кабарлабагандыгы үчүн, ошондой эле өз убагында кабарлабагандыгы үчүн бардык жоопкерчиликти өзүнө алат. Кардардын акыркы белгилүү дарегине жөнөтүлгөн Банктын бардык кат-кабарлары Кардарга тийиштүү түрдө келип түшкөн деп эсептелет.

6.2.6. эгерде 20 000 000,00 (жыйырма миллион) сомдон же бул сумманын чет элдик валютадагы эквивалентинен ашкан суммада нак акча алуу ниети болсо, анда бул тууралуу Банкка жок дегенде 3 (үч) жумушчу күндөн кечиктирбестен билдирүүгө милдеттүү;

6.2.7. өзүнүн контрагенттерине төлөм реквизиттерин өз убагында жана туура билдирүү;

6.2.8. Келишимдин шарттарына ылайык, эгерде Кардар Банкка маалымдабаса же өз убагында маалымдабаса, анда Банк акча каражаттарын албагандыгы/которбогондугу, өз

убагында албагандыгы/которбогондугу үчүн Кардар кийин тарткан зыяндар үчүн жоопкерчилик тартпайт;
6.2.9. Банктын суроо-талаптары боюнча 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде эсеп боюнча калдыкты ырастоо;
6.2.10. Интернетке кирүү жана аралыктан банктык тейлөө системаларына туташуу үчүн зарыл болгон техникалык, программалык жана коммуникациялык ресурстарды өз алдынча жана өз эсебинен камсыз кылууга;
6.2.11. Картанын реквизиттеринин, колдонуучунун атынын, сыр сөздөрүнүн, Коддордун купуялыгын катуу сактоо, аларды үчүнчү жактарга билдирбөө, мобилдик тиркемени (Келишимге 1-тиркеме) колдонууда коопсуздук боюнча талаптарды жана Интернет-банкингди колдонуу эрежелерин (2-тиркеме) сактоо жана аларды жетекчиликке алуу;
6.2.12. аралыктан банктык тейлөө системаларында тескемелерди жөнөткөндөн кийин аларды Банктын кабыл алуу жана аткаруу фактысын өз алдынча текшерүүгө; Эгерде аларды алуу жана/же аткаруу фактысы тастыкталбаса, Кардар Банкка алынбай калуу/аткарбоо себептерин тактоо үчүн суроо-талап менен кайрыла алат;
6.2.13. аралыктан банктык тейлөө системаларында тескемелерди жөнөтүүдө маалыматты иштетүү, сактоо жана коргоо системаларын иштеген жана компьютердик вирустар жоктугуна текшерилген түзмөктө гана колдонуу;
6.2.14. Кардардын жана (же) бенефициардык ээсинин анкетасында көрсөтүлгөн телефон номери жана башка маалыматтар өзгөргөндө же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда жаңыланган маалыматтарды жана документтердин көчүрмөлөрүн дароо берүүгө;
6.2.15. Банкка жазуу жүзүндө же (0312) 338800 же 8800 (кардарларды тейлөө үчүн телефон номерлери) телефон номерлери боюнча төмөнкүлөр жөнүндө дароо билдирүүгө:
– аралыктан банктык тейлөө системаларына, Кодго/Коддорго, телефон номери (SIM-картага) же Кардардын кирүүчү түзмөгүнө уруксатсыз кирүү же кирүүгө аракет жасалган факт аныкталганда;
– Коддун/Коддордун, Картанын, Кардардын телефон номеринин (SIM-картасынын), кирүү түзмөгүнүн жоголушу же үчүнчү жак тарабынан уурдалышы жөнүндө;
6.2.16. Карта ээси сураган жана банкоматтын контролдук чегинде көрсөтүлгөн суммадан ашыкча банкоматтан жаңылыштык менен алынган суммалар аныкталгандан кийин 24 (жыйырма төрт) сааттын ичинде акчаны Банкка кайтарууга;
6.2.17. №1 тиркемеде белгиленген аралыктан банктык тейлөө системаларында иштөөдө Кардар үчүн аралыктан банктык тейлөөдө коопсуздук боюнча талаптарды сактоо жана аларды жетекчиликке алуу;
6.2.18. Келишимде жана Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган документтерде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттерди аткаруу.

## 7. БАНКТЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**7.1. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:**

7.1.1. Кардардан эсепти/картаны/депозитти ачуу жана алар боюнча операциялар менен байланышкан документтерди жана маалыматтарды, ошондой эле операциянын мыйзамдуулугун, анын ичинде буга чейин аткарылган операциянын экономикалык

максатка ылайыктуулугун тастыктаган документтерди терроризмди каржылоого каршы аракеттенүү жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (адалдоого) жол бербөө максатында талап кылууга; Кардар талап кылынган документтерди, маалыматтарды берүүдөн баш тарткан учурда Банк Кардардын кайсы болбосун операцияларын ишке ашырбоого;
7.1.2. төмөнкү учурларда Келишимди бир тараптуу түрдө толугу менен же жарым-жартылай токтотууга (бузууга):
– Кардарды (ыйгарым укуктуу адам же Картанын ээсин) идентификациялоо жана верификациялоо талаптарын аткаруу, бенефициардык ээсин аныктоо, Кардарды тийиштүү текшерүүдөн өткөрүү боюнча башка чараларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон документтер/маалыматтар Кардар тарабынан берилген эмес, мындан улам эсеп/Карта боюнча операцияларды жүргүзүү мүмкүн эмес.
– эсеп/карта боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон, ишке ашырылып жаткан операциянын экономикалык максатка ылайыктуулугун жана кардардын айкын экономикалык иш алып баруу аныктыгын тастыктаган тиешелүү документтер Кардар тарабынан берилбесе;
– Кардар анык эмес документтерди/маалыматтарды берсе;
– Кардардын (Кардардын жетекчилигинин) жана бенефициардык менчик ээсинин террористтик жана экстремисттик же башка кылмыштуу иш-аракеттерге, кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) же массалык кыргын салуучу куралдарды жайылтууга катыштыгы тууралуу КР мыйзамдарынын ченемдерине ылайык алынган маалыматтар бар болсо;
- кардар Банк тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн Тарифтерге ылайык төлөм жүргүзбөсө;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Келишимде каралган башка учурларда.
7.1.3. эгерде 12 (он эки) календардык ай ичинде Эсепте акча каражаттары жок болсо же эсеп боюнча кыймыл болбосо, эсеп жабылганга чейин 1 (бир) календардык ай мурда Кардарды акыркы белгилүү дареги жана/же мобилдик номери/электрондук почтасы аркылуу телефондук/электрондук билдирүү жөнөтүп кабарлоо шарты менен Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга укуктуу; Келишим бузулганда, акча каражаттарынын калдыгы КР мыйзамдарына ылайык өзүнчө эсепке алынат;
7.1.4. КР мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик актыларына ылайык кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана террордук же экстремисттик ишти каржылоого каршы туруу максатында Кардардын операциялары боюнча милдеттүү көзөмөлдү жүзөгө ашырууга;
7.1.5. Депозит боюнча пайыздык ченди азайтуу учурларын кошпогондо, Банк Келишимдин ушул шарттарын бир тараптуу тартипте (Кардар менен өзүнчө макулдашууларды түзбөстөн) өзгөртүүгө/толуктоолорду киргизүүгө укуктуу. Мындай өзгөртүүлөр/толуктоолор ушул Келишимге өзгөртүү/толуктоолорду киргизүү жана Кардарды аралыктан банктык тейлөө системалары аркылуу кабардар кылуу жана/же аларды Банктын бөлүмдөрүндөгү маалыматтык такталарга, Банктын сайтына, аралыктан банктык тейлөө системаларына бул өзгөртүүлөр/толуктоолор күчүнө кирген күнгө чейин 10 (он) жумушчу күндөн кем эмес мөөнөттө жайгаштыруу (жарыялоо) аркылуу ишке ашырылат. Келишимдин колдонуудагы редакциясы https://www.kompanion.kg

сайтында жайгаштырылат , аны менен Кардар каалаган убакта тааныша алат;
7.1.6. Кардардын банктык эсебинин номерин өзгөртүү, бул тууралуу Кардарга аралыктан банктык тейлөө системаларында жана/же акыркы белгилүү дареги боюнча жана/же телефон/электрондук билдирүү аркылуу мобилдик номерине/электрондук почтасына өзгөртүү болжолдонгон күнгө чейин кеминде 10 (он) жумушчу күн калганда кабарлоо менен жүрөт. Банктык эсептин номери өзгөргөндөн кийин бардык акча каражаттар жаңы банктык эсепке которулуп, кийинки операциялар жаңы банктык эсеби боюнча жүргүзүлөт.
7.1.7. операцияларды жүргүзүү үчүн башка банктарды жана/же финансылык- кредиттик уюмдарды, төлөм уюмдарды же төлөм системасынын операторлорун тандап тартууга;
7.1.8. Кардардан банк-алуучунун корреспонденттик тармагы боюнча кошумча көрсөтмөлөр жок болгон учурда, банк-алуучунун корреспонденттик тармагын өз каалоосу боюнча тандоо; Мында Банк кардардын тапшырмаларын тандалган банк-корреспондент аркылуу аткарууга байланыштуу жоопкерчилик тартпайт;
7.1.9. КР мыйзамдарында жана Келишимде каралган учурларда жана тартипте, ошондой эле Банк менен Кардардын ортосундагы ар кандай укуктук мамилелерден келип чыккан Кардардын Банк алдындагы төлөнбөгөн карызы болгон учурда, Кардарга акча каражаттары жаңылыш же негизсиз түрдө чегерилген учурда, Банк Кардардын бардык Эсептеринен/Карталарынан акча каражаттарын (анын ичинде Банктын көрсөтүлгөн кызматтар үчүн комиссияларынын/сый акыларынын суммаларын) акцептсиз тартипте эсептен чыгарууга укуктуу. Кардардын карызынын валютасы эсептин/картанын валютасынан айырмаланган учурдагы конвертациялоодо Банктын тиешелүү валютаны сатып алуу курсу боюнча же Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий курсу колдонулат;
7.1.10. буйрук (төлөм тапшырмасы) жок болсо же толук эмес, бурмаланган, так эмес болсо же карама-каршы маалыматтарды камтыса, бардык зарыл болгон маалыматтарды камтыган документтерди алганга чейин акча каражаттардын суммасын чегерүүнү кечеңдетүүгө. Документте Кардарга талаптагыдай текшерүүнү жүргүзүү үчүн зарыл маалымат жок же туура эмес болгон учурда Банк акча каражаттардын суммасын жөнөтүүчүгө кайтарып берүүгө да укуктуу;
7.1.11. КР мыйзамдарында, Келишимде (анын ичинде 4.2.9-пунктчада) каралган учурларда, анын ичинде Кардардын телефон номери өзгөргөн учурда, ошондой эле алдамчылык же кылмыштуу операциялар жасалган же жасалышы мүмкүн деген шектенүү пайда болгон учурларда, аралыктан банктык тейлөө системаларын токтотуу/бөгөттөө же Эсеп/Карта/депозит боюнча бардык же айрым операцияларды жүргүзүүнү токтотуу;
7.1.12. төмөнкү учурда Кардардын төлөм документтерин кабыл албоо жана/же аткарбай коюу/Кардарга операция жасоого баш тартууга:
– Кардар жүргүзүлүп жаткан операциянын реквизиттерин толук эмес/туура эмес көрсөткөндө, аны жүргүзүү мөөнөттөрүн бузганда;
– түшүнүксүз жазуу же реквизиттердин туура эмес көрсөтүлүшү, эгерде төлөм тапшырмасына кол коюлбаса же ыйгарым укуктуу эмес адам тарабынан кол коюлса, мөөр жок болсо же так эмес басылса;
– жүргүзүлүп жаткан операция Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, анын ичинде террористтик же экстремисттик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди

легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдардын талаптарына ылайык келбегенде;
– операцияны жүргүзүү үчүн жана/же жүргүзүлүп жаткан операция боюнча Банктын комиссиялык сый акысын төлөө үчүн Кардардын эсебинде/картасында жетишүү акча каражаты жок болгон учурда;
– ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан эсептерге/карталарга камоо коюлганда;
– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда.

7.1.13. зарыл болгон учурда операцияны жүргүзүү үчүн Кардардын жекече (өздүк) кол тамгасы коюлган кагаз жүзүндөгү документтин таризделүүсүн Кардардан талап кылууга. Мындай учурда Банк кардардын аралыктан банктык тейлөө системалары аркылуу берилген көрсөтмөсүн кагаз жүзүндөгү буйрук алынганга чейин аткарбайт.

7.1.14. алдын алуу жана техникалык иштерди жүргүзүү, ошондой эле бузулууларды, каталарды жана үзгүлтүктөрдү жоюу максатында аралыктан банктык тейлөө системаларынын программалык жана/же аппараттык каражаттарынын ишин токтото турууга;

7.1.15. дистанттык банкинг системаларынын интерфейстерин жана программалык камсыздоосун өзгөртүү;

7.1.16. эгерде Мобилдик тиркемени акыркы жолу колдонгондон бери 12 (он эки) календардык айдан ашык убакыт өтсө, же Интернет-банкинг/Мобилдик-банкинг системасы боюнча акыркы кайрылуудан бери 3 (үч) айдан ашык убакыт өтсө, коопсуздук максатында аралыктан банктык тейлөө системасына кирүү мүмкүнчүлүгү өчүрүлөт же бөгөттөлөт. Кардардын аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүүсүн калыбына келтирүү Банк тарабынан каралган тартипте жүргүзүлөт;

7.1.17. ушул Келишимге жана Банктын ички документтерине ылайык, уруксатсыз операциялардын алдын алуу максатында (операциялардын түрлөрү боюнча да, тейлөө аймагы боюнча да) аралыктан банктык тейлөө системаларындагы же карточкалык операцияларды жүргүзүүдөгү жалпы лимиттерди жана чектөөлөрдү белгилөө/өзгөртүү/калыбына келтирүү;

7.1.18. Кардар Банктын кызматтарын жана өнүмдөрүн пайдалануу менен КР мыйзамдарын бузуусуна байланыштуу Банк тарабынан жарандык, административдик же кылмыш иши козголгон учурда, Банкка кардар жөнүндө жана анын банктык операциялары (транзакциялары) жөнүндө маалыматты камтыган банктык сырды ачуу;

7.1.19. Келишимдин 2.6-пунктунда көрсөтүлгөн аракеттерди ишке ашыруу;

7.1.20. Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Келишимде каралган башка укуктарга ээ.

**7.2. Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:**

7.2.1. Эсептеги/Картадагы акча каражаттарынын сакталышын камсыз кылууга;

7.2.2. Келишимде белгиленген тартипте Кардарга аралыктан банктык кызматтарды көрсөтүүгө;

7.2.3. операцияларды жүргүзүү жөнүндө Кардардын көрсөтмөлөрүн аткарууга, ушул Келишимге жана КР мыйзамдарына ылайык, Кардардын Эсепке/Картасына түшкөн акча каражаттарын ачылган Эсептин валютасында кабыл алуу жана эсепке чегерүүгө;

7.2.4. Келишимдин текстине, Кызмат көрсөтүүлөрдүн тизмесине, тарифтерге жана лимиттерге (чектөөлөргө) жеткиликтүүлүктү аларды Банктын бөлүмдөрүндөгү маалыматтык такталарга, Банктын сайтына жана/же аралыктан банктык тейлөө системаларына жайгаштыруу аркылуу камсыз кылууга;
7.2.5. банктык сырды жана кардар, Кардардын Эсептери/Карталары боюнча жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө маалыматтарды сактоого жана алар боюнча маалыматтарды КР мыйзамдарында каралган учурларда гана берүүгө;
7.2.6. операция жүргүзүлгөн күндөн кийинки күндөн кечиктирбестен, операциялар жасалган сайын Кардарга Эсеп/Карта боюнча көчүрмөлөрдү берүүгө; Эгерде кардардан көчүрмө берилген күндөн тартып 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде эч кандай сын-пикир түшпөсө, көчүрмө кардар тарабынан ырасталды жана кабыл алынды деп эсептелет;
7.2.7. Кардар кат түрүндөгү арыз менен же Банк тарабынан белгиленген тартипте (коддук сөз ж.б.) телефон аркылуу кайрылганда, Кардардын аралыктан банктык тейлөө системасындагы каттоо жазуусун, эсебин/картасын дароо бөгөттөөгө;
7.2.8. мүмкүн болгон техникалык көйгөйлөрдү акылга сыярлык мөөнөттө четтетүү боюнча чараларды көрүүгө; профилактикалык жана техникалык иштерди жүргүзүүдө кардарларды өз убагында кабардар кылууга;
7.2.9. Банктын тарифтерине ылайык, кардар тиешелүү комиссияларды төлөп, керектүү документтерди берип, кол койгондон кийин, аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө.

## 8. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

8.1. Тараптар Келишимдин шарттарын аткарбагандыгы, талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.
8.2. Банк төлөмдөрдү өткөрүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн валюталоо күнүн эсепке албаганда, кечиктирилген төлөмдүн суммасынын 0,01% өлчөмүндө ар бир кечиктирилген күн үчүн жоопкерчилик тартат.
8.3. Банк кардардын буйруктарынын аткарылбай калышы же өз убагында аткарылбай калышы, банк-корреспонденттин же башка үчүнчү жактын күнөөсүнөн, же кардардын ката реквизиттерди көрсөтүүсүнөн болсо, ошондой эле эгерде эсепке/картага камак салынса же операциялар келишимге, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына же алуучу өлкөнүн мыйзамдарына ылайык токтотулса/бөгөттөлсө, жоопкерчиликтен бошотулат.
8.4. Жеңилгис күчтөрдүн (форс-мажор) жагдайлары болгон мезгилде Тараптар жоопкерчиликтен бошотулат. Форс-мажор жагдайларына шилтеме жасаган Тарап экинчи Тарапка тастыктоочу документти көрсөтүү менен, мындай жагдайлар башталгандан тартып 10 (он) жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө кат жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.
8.5. Кардар төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:
– Банкты жаңылыш жасалган операция жөнүндө кабарлабаганы жана Эсепке/Картага жаңылыш түшкөн акча каражаттарын кайтарбаганы үчүн келишимдин 7.2.6-пунктуна ылайык көчүрмө тастыкталгандан кийинки күндөн баштап, мөөнөтү өткөн ар бир күн үчүн жаңылыш түшкөн сумманын 0,01% өлчөмүндө айып пул салынат;
– Кардардын коопсуздук чараларын аткарбаганы же талаптагыдай аткарбаганы үчүн

жана Картанын (реквизиттер), аралыктан банктык тейлөө системаларына кирүү каражаттарынын (мобилдик түзмөк, телефон номери, Коддор, колдонуучунун аты, сыр сөзү) жана Мобилдик тиркемени колдонууда коопсуздук талаптарында (Келишимге №1 тиркеме) жана Интернет-банкингди колдонуу эрежелеринде (№2 тиркеме) каралган башка чаралардын сакталышы жана купуялыгы үчүн;

– Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык төлөм инструменттерин пайдалануу эрежелерин жана төлөм документтерин тариздөө тартибин сактабагандыгы үчүн;

– мобилдик тиркеме орнотулган мобилдик түзмөк, телефон номерлери (SIM-карталар), Коддор, Карталар (Картанын реквизиттери) жоголгон/уурдалган учурдан тартып, Банк тарабынан Мобилдик тиркеме/Карталардын системасына кирүү бөгөттөлгөн учурга чейин жүргүзүлгөн бардык операциялар (анын ичинде уруксатсыз) үчүн, ошондой эле анын кесепетинен келтирилген бардык зыян үчүн;

– картага кирүү каражаттарын уруксатсыз пайдалануунун натыйжасында келип чыккан зыяндар, Картанын маалыматтарын (реквизиттер, ПИН, CVV, код сөзү жана башкалар) үчүнчү жактарга берүүнүн/ачыкка чыгаруунун натыйжасында келип чыккан жана Карта боюнча уруксатсыз (шылуунчулук) операцияларды жүргүзүү, ошондой эле ушул Келишимдин шарттарын аткарбоо/талаптагыдай аткарбоонун натыйжасында келип чыккан кесепеттер үчүн.

8.6. Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчиликти тартпайт:

– документтердин аныктыгы үчүн, ошондой эле кардардын эсеби/картасы боюнча жасалма жана мыйзамсыз буйруктардын негизинде кандайдыр бир операцияларды жүргүзүү үчүн, эгерде буйруктагы кол кардар Банкка берген кол тамгалардын үлгүлөрү бар карточкадагы кол тамгалардын үлгүлөрүнө визуалдуу түрдө дал келсе жана ыйгарым укуктуу адамдардын кол тамгаларынын тышкы белгилери боюнча текшерүү жол-жоболорун колдонуу менен Банк буйрукту ыйгарым укуктуу эмес адамдар бергендигин аныктай албаса, ошондой эле кардардын алуучунун реквизиттерин (анын ичинде алуучу банктын реквизиттерин) туура эмес көрсөтүүсүнө байланыштуу кесепеттер үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт;

– эгер Кардар толук эмес же жаңылыш реквизиттерди көрсөтсө, Кардардын тапшырмаларын аткарбагандыгы же өз убагында аткарбагандыгы үчүн, же Кардардын тапшырмалары банк-корреспонденттин же башка үчүнчү жактардын күнөөсү боюнча аткарылбай калганы үчүн, же Келишимге, Кыргыз Республикасынын же алуучунун өлкөсүнүн мыйзамдарына ылайык, Кардардын эсеби/картасы камакка алынганы же операциялар убактылуу токтотулганы/бөгөттөлгөнү үчүн;

– Кардар тарабынан ээси (абоненти) болуп саналбаган мобилдик телефон номери, так эмес жеке маалыматтар көрсөтүлгөндүгүнүн кесепеттери үчүн;

– эгерде анкетада, Мобилдик тиркеменин системасында же Банктын башка автоматташтырылган системаларында Кардар көрсөткөн телефон номерине/дареги боюнча Банк тарабынан маалымат жөнөтүлгөн болсо, ошол маалыматты ыйгарым укугуна ээ эмес адам алгандыгынын кесепеттери үчүн;

– үчүнчү жактардын Кардардын телефон номерине (SIM-картага), Картасына, мобилдик түзмөгүнө жана/же Коддоруна кире алышынан жаралган кесепеттер үчүн.

– Кардардын жабдуусунун, программалык камсыздоосунун, байланыш каналдардагы коммуникациялардын бузулушу жана/же кооптуулугу үчүн, ошондой эле үчүнчү жак

(Интернет-провайдер ж.б.) тарабынан камсыздалган каражаттар жана кызматтар үчүн;
– Банктан көз карандысыз себептерден улам келип чыккан жана Кардар Код менен СМС-билдирүүнү албай калышына же өз убагында албай калышына, ошондой эле Код киргизилбей калгандыгына же өз убагында киргизилбей калгандыгына алып келген мобилдик байланыштын, Интернет маалыматтык-телекоммуникациялык тарамынын, электр байланыш түйүндөрүнүн ишинде пайда болгон мүчүлүштүктөр үчүн.
– Кардарга келтирилген зыян үчүн, эгерде ал төмөнкү жагдайлардан келип чыкса, Банк жоопкерчилик тартпайт: (1) Келишимде каралган милдеттерди Карта ээси аткарбагандыгы жана/же туура эмес аткаргандыгы; (2) КР мыйзамдарына ылайык Эсеп/Карта боюнча операциялар токтотулганда жана/же Эсептеги/Картадагы акча каражаттарына камак салынганда; же (3) Келишимдин 8.5-пункту бузулганда.

8.7. Жеңилгис күчтөрдүн (форс-мажор) жагдайлары болгон мезгилде Тараптар жоопкерчиликтен бошотулат. Форс-мажор жагдайларына шилтеме жасаган Тарап экинчи Тарапка тастыктоочу документти көрсөтүү менен, мындай жагдайлар башталгандан тартып 10 (он) жумушчу күндөн кеч эмес мөөнөттө кат жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

## 9. БАШКА ШАРТТАР

9.1. Кардар Банк тарабынан ушул Келишимде көрсөтүлгөн аракеттерге макулдугун билдирет жана Келишимдин шарттары менен толук таанышып, аларга макул экендигин тастыктайт.

9.2. Кардар (эгер ал же анын акыркы пайда алуучусу АКШнын резиденти болсо) Банктын “Чет өлкөлүк эсептерге салык салуу жөнүндө” (FATCA) Мыйзамынын талаптарына ылайык, Банк тарабынан маалымат берүүгө шартсыз макулдугун берет.

9.3. Тараптар ушул Келишимде көрсөтүлгөн даректерге жөнөтүлгөн ар кандай билдирүүлөр, кат-кабарлар ж.б. жеткирилген деп эсептелет деп таанышат. Өзгөрүү болгон учурда, кат жүзүндө билдирүүдө көрсөтүлгөн дарек боюнча.

9.4. Банктын/Банктын тиешелүү бөлүгүнүн жайгашкан жери Келишим түзүлгөн жер болуп эсептелет.

9.5. Кардардын кайрылууларын кароо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Банктын локалдык ченемдик актыларында (“Компаньон Банкы” ЖАКында финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн кайрылууларын кароо тууралуу жол-жобосунда), Келишимде жана/же тиешелүү төлөм системалары тарабынан белгиленген дооматтар менен иштөө эрежелеринде (төлөм карта жагынан) каралган тартипте жана мөөнөттөрдө жүргүзүлөт.

9.6. Эгерде талаш-тартыштарды сүйлөшүүлөр жолу менен чечүү мүмкүн болбосо, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет. Тараптар Кыргыз Республикасынын Жарандык процессуалдык кодексинин (КР ЖПК) 34-беренесин жетекчиликке алышып, КР ЖПКнын 30-беренеси менен белгиленген сот караштуулугун өзгөртүүгө сүйлөшүштү, ошого жараша Банк доо менен, сот караштуулугу КРнын ЖПКнын 32-беренесинде белгиленген доолорду эске албаганда, Банктын же анын филиалдары жайгашкан жери боюнча же болбосо Кардар жайгашкан жери боюнча кайрылууга укуктуу. Кардар Банкка карата доо менен Банк жайгашкан жери боюнча гана кайрылууга

укуктуу.

9.7. Келишимде каралбаган шарттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана иштиктүү карым-катнаштардын салттарына ылайык жөнгө салынат.

## 10. БАНКТЫН МААЛЫМ ДАРЕКТЕРИ

«Компаньон Банкы» ЖАК
Дареги: 720044, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Шота Руставели көчөсү, 62
БИК: 113001
ИУЖК: 23672096
ИСН: 01210200410119
Кардарларды тейлөө үчүн телефон номерлери – 0 312 338800, 8800

**«КОМПАНЬОН БАНКЫ» ЖАКынын ЖЕКЕ ИШКЕРЛЕР ҮЧҮН**
**БИРДИКТҮҮ БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ**
**КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ АЧЫК ОФЕРТАСЫНА**
**1-тиркеме**

## МОБИЛДИК ТИРКЕМЕНИ КОЛДОНУУДАГЫ КООПСУЗДУК БОЮНЧА ТАЛАПТАР

Мобилдик тиркемени колдонууда коопсуздукту камсыздоо үчүн кардарлар төмөнкү эрежелерди сакташы керек:

1. Коддорду Мобилдик түзүлүштө же коргоого алынбаган жабдууларда, башка жеткиликтүү жерлерде ачык текст түрүндө сактабоо;
2. Коддорду сактоо үчүн атайын программалык камсыздоону (мисалы, KeePassXC Password Manager) колдонуу;
3. Коддорду башка адамдарга билдирбөө, ачып көрсөтпөө же башка жол менен бербөө;
4. Чаттар аркылуу же электрондук почта аркылуу келген шилтемелерди ачпоо; ПИН-кодду, паролду мезгил-мезгили менен өзгөртүп туруу, ошондой эле символдордун жана белгилердин ысым, туулган күн, телефон номериндеги цифралар сыяктуу жөнөкөй же айкын айкалышын колдонбоо;
5. Операцияны ишке ашыруунун же кандайдыр бир тактоолордун зарылчылыгы жок болгон учурда жеке маалыматтарды (паспорттук маалыматтарды, банк эсебинин номерин же электрондук почта дарегин, ПИН) бөтөн бирөөгө ачып көрсөтпөө;
6. Каталарды же Мобилдик тиркемеде жүргүзүлгөн уруксатсыз операцияларды табуу үчүн эсеп/карта/ боюнча операциялардын таржымалын жана каражаттардын калдыгын дайыма текшерип туруу;
7. Мобилдик тиркемеге кирүү үчүн башка адамдардын мобилдик түзүлүштөрүн колдонбоо;
8. Өзүнүн кирүү түзмөгүн (мобилдик түзүлүш) уруксатсыз кирүүдөн жана зыяндуу программалардан коргоо, ошондой эле антивирус программасын үзгүлтүксүз жаңыртып жана анын дайыма иштеп турушун камсыз кылуу;
9. Электрондук операцияларды аткаргандан кийин, кирүү түзмөгү кыска гана убакытка көзөмөлсүз калтырылса да, Мобилдик тиркемеден сөзсүз чыгуу керек.
10. Мобилдик тиркеме орнотулган мобилдик түзүлүштү башка адамдарга колдонууга уруксат бербөө;
11. Эсепти/картаны уруксатсыз пайдалануу, үчүнчү жактар тарабынан уруксатсыз жана/же алдамчылык операцияларды жүргүзүү бардык учурлары жөнүндө, ошондой эле Мобилдик тиркеме орнотулган мобилдик түзүлүш жоголгон же уурдалган учурларда эсепти/картаны өз убагында бөгөттөө үчүн ар кандай жеткиликтүү жол менен (жазуу жүзүндө же 0312338800, 8800 телефондору аркылуу) Банкка дароо билдирүү;
12. Эсепке/картага акча которуу жөнүндө башка адамдардын буйруктарын аткарбоо. Эгерде аткарууну чечсеңиз, сизге кайрылган адамдардын байланыш

маалыматтарын жана жазышуулардын скриншотторун сактап коюңуз. Кат алышуунун көчүрмөлөрү укук коргоо органдары үчүн далил болушу мүмкүн.

Мобилдик тиркемени колдонуп жаткан Кардарлар төмөнкү тобокелдиктерге туш болушу мүмкүн:

– **Жеке маалыматтарды жоготуу/уурдоо/ашкерелөө тобокелдиги** – бул кардардын жеке маалыматтарын кылмыштуу максаттарда колдонууга алып келиши мүмкүн (мисалы, эгерде маалыматтар купуя мүнөздө болсо, акча талап кылуу же кардардын паспортунун көчүрмөсүн уюмдарга көрсөтүү сыяктуу)

– Кирүү мүмкүнчүлүгү пайда болуп калса, **эсептен/картадан акча каражаттарды уурдоо тобокелдиги.**

**«КОМПАНЬОН БАНКЫ» ЖАКынын ЖЕКЕ ИШКЕРЛЕР ҮЧҮН БИРДИКТҮҮ БАНКТЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ АЧЫК ОФЕРТАСЫНА**
**2-тиркеме**

## ИНТЕРНЕТ-БАНКИНГДИ КОЛДОНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

**1. Иштөөгө коюлган талаптар:**

1.1. Кардардын аралыктан банктык тейлөө системаларында иштөө үчүн жумуш ордунун жайгашкан жерине, OTP каражаттарына же Кардардын коопсуздук сертификаттарына, Кардардын жумуш ордунун операциялык системага кирүү логиндерине жана сыр сөздөрүнө карата купуялуулук режимин камсыз кылуу;

1.2. интернет-банкинг системасында ишти аяктагандан кийин, "Чыгуу" программалык баскычын колдонуу менен ишти туура бүтүрүү;

1.3. Кардардын аралыктан банктык тейлөө системалары менен иштөө үчүн колдонулган иш ордунда маалыматты көчүрүүчү түзмөктөрдүн (флешка, тышкы диск ж.б.) автоматтык түрдө ишке кирүү функциясын өчүрүү;

1.4. Интернет-банкинг системалары менен иштеп жаткан учурда гана Кардардын иш ордун Интернет тармагына туташтыруу;

1.5. жеке кабинетке кирерден мурун https протоколу аркылуу копсуз байланыш Банктын расмий сайты (https://kompanion.kg)менен орнотулганына ынануу керек;

1.6. системанын колдонуучуларынын жумуш ордунда операциялык системада сыр сөз менен корголгон каттоо эсеби болушун камсыз кылуу;

1.7. сыр сөздү компьютердеги тексттик файлдарда же башка маалымат каражаттарында сактабоо;

1.8. эч качан жана эч кандай шартта эч кимге сыр сөздү айтууга болбойт – ал сиздин туташууңузду, тейлөөнү жана кызмат көрсөтүүнүн иштешин камсыз кылуу үчүн Банктын кызматкерлерине да, техникалык колдоо кызматына да талап кылынбайт;

1.9. Кардардын иш ордун интернеттеги социалдык тармактарга, форумдарга,

чаттарга, телефондук сервистерге туташуу үчүн колдонууга болбойт, ошондой эле кооптуу программаларды камтыган веб-сайттарды ачууга, же ишенимсиз даректен келген электрондук каттарды окууга/ачууга болбойт;

1.10. логиндерди жана сыр сөздөрдү үчүнчү жактарга, анын ичинде Банктын кызматкерлерине да айтууга болбойт (анын ичинде Банк атынан чалып, электрондук почта, SMS аркылуу кайрылган белгисиз адамдарга);

1.11. Кардардын жумушчу ордунун катуу дискинде же башка электрондук маалымат сактагычтарда логиндерди жана сыр сөздөрдү тексттик файлдарга сактабоо.

**2. Иштөөдөгү сунуштар:**

2.1. аралыктан банктык тейлөө системалары менен иштөө үчүн Кардар тарабынан башка максаттарда колдонулбаган атайын жумушчу ордун колдонуу;

2.2. Кардардын жумуш ордунда лицензияланган (контрафакттык эмес) Microsoft Windows XP/2003/Vista/7, Apple Macintosh Mac OS X же андан улуу, Linux, Android, iOS операциялык системасынын иштешин камсыз кылуу жана анын купуя маалыматка жетүүгө мүмкүндүк берген аялуу жерлерин жоюу максатында, иштеп чыгуучу компаниянын сунуштарына ылайык өз убагында жаңыртып туруу;

2.3. Кардардын жумушчу ордунда лицензияланган (контрафакт эмес) антивирустук программалык камсыздоонун орнотулушун жана аны иштеп чыгуучу компаниянын сунуштарына ылайык өз убагында жаңыртылып турушун камсыз кылуу — бул Кардардын жумушчу ордуна зыяндуу программалардын кирип кетишине жана үчүнчү жактардын дистанциялык банкинг системаларына уруксатсыз киришине жол бербөө максатында аткарылат;

2.4. Кардардын жумуш ордунда лицензияланган (контрафакттык эмес) "брандмауэр (firewall)" программалык камсыздоосунун Интернет тармагынан жана Кардардын локалдык тармагынан жумуш ордуна узак аралыктан уруксатсыз кирүүнү бөгөттөө режиминде иштешин камсыз кылууга;

2.5. Кардардын жумушчу ордуна/OTP колдонулуучу жумушчу ордуна кирүүнү чектөө жана операциялык системанын конфигурациясын өзгөртүү боюнча минималдуу укуктарды камсыз кылуу (администратордун укуктарынын болушу сунушталбайт).

2.6. интернет-кафелер сыяктуу ишенимсиз жайлардан же коомдук байланыш каналдары (тегеректеги акысыз Wi-Fi жана башкалар) аркылуу Интернетке туташып туруп аралыктан банктык тейлөө системалары менен иштебөө;

2.7. Банктын аралыктан банктык тейлөө системаларына туташууну орнотуу учурунда же аралыктан банктык тейлөө системаларынын ишинде программалык камсыздоонун кандайдыр бир өзгөрүүлөрүнө жана каталарына көңүл буруууга, кандайдыр бир шектүү көрүнүштөр пайда болсо, дароо ишти токтотуп, системада уруксатсыз операциялардын бары-жогун тактоо максатында Банкка кайрылууга;

2.8. https://www.online.kompanion.kg сайтына сөзсүз түрдө Банктын расмий сайты — www.kompanion.kg аркылуу өтүү.

2.9. мобилдик тиркемени Play Market же App Store дүкөнүнөн гана жүктөп алууга;

2.10. эгерде аралыктан банктык тейлөө системаларына туташууда браузер башка сайтка багыттап жатканын эскертсе, операцияларды убактылуу токтотуп, кайра багыттоонун себебин аныктоо үчүн Банктын техникалык колдоо кызматына кайрылуу;

2.11. аралыктан банктык тейлөө системаларындагы сыр сөздү билүүгө болгон ар кандай аракеттер жөнүндө Банктын ыйгарым укуктуу кызматкерлерине билдирүүгө;

2.12. каталарды же уруксатсыз операцияларды байкоо үчүн операциялардын тарыхын жана көчүрмөлөрдү үзгүлтүксүз текшерип туруу;

2.13. электрондук операциялар жүргүзүлүп жаткан сайттан, жеке компьютер жана/же башка жабдуулар кыска убакытка кароосуз калтырылган күндө да чыгып кетүү;

2.14. электрондук операциялар бүткөндөн кийин системадан чыгуу талап кылынат; Ар кандай онлайн операцияларды жүргүзүүдөн же жеке маалыматты берүүдөн мурун, туура веб-баракча же аралыктан банктык тейлөө системасынын тиркемеси колдонулуп жатканына ынануу керек. Алдамчылык максатында түзүлгөн жалган веб-баракчалардан жана мобилдик тиркемелерден сак болуу керек;

2.15. системага кирүүдөн мурун веб-баракчанын коопсуздугуна ынануу үчүн, Бирдиктүү Ресурс Көрсөткүчтөрүнүн (URL) "https" менен башталышын жана интернет-браузердин статусунда корголгон байланыш белгисинин пайда болушун текшериңиз;

2.16. Жогоруда көрсөтүлгөн талаптарды жана сунуштарды кардар аткарбаса, аралыктан банктык тейлөө системалары аркылуу жүргүзүлгөн талаш жараткан операциялар боюнча жоопкерчилик Кардардын өзүнө жүктөлөт.

**3-тиркеме**

## Субъектинин өзүнүн жеке маалыматтарын чогултууга жана иштетүүгө макулдугу

Кардар өз эрки менен, аң-сезимдүү түрдө Банктын төмөнкүлөрдү аткаруусуна макулдугун берет:

–кайра иштетүүгө (ыкмаларына карабастан жеке маалыматтарды кармоочу (ээси) тарабынан же анын көрсөтмөсү боюнча, автоматтык каражаттар менен же ансыз, жеке маалыматтарды чогултуу, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топтоо, бөгөттөө, өчүрүү жана жок кылуу максатында аткарылган ар кандай операция же операциялардын жыйындысы), ошондой эле:

–өздүк маалыматтарды берүүгө (өздүк маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан жеке маалыматтардын Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык үчүнчү жактарга берилиши);

–өздүк маалыматтарды чек ара аркылуу берүүгө (өздүк маалыматтардын кармоочусу (ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясында жайгашкан тараптарга маалыматтарды берүү);

**төмөнкү жеке маалыматтарды:**

улуттук паспортунун түрү, ПИН, толук аты-жөнү, документти берген органдын аталышы жана коду, берилген датасы, жарактуулук мөөнөтү, жынысы, жүзүнүн санарип сүрөтү, катталган жеринин дареги, үй-бүлөлүк абалы, патенттин же жеке ишкер катары каттоо жөнүндө күбөлүктүн реквизиттери, кредитти төлөө тартиби, телефон номери, мобилдик байланыш кызматтарын пайдалануу мөөнөттөрү, мобилдик байланыш кызматтарына ай сайын кеткен чыгымдын суммасы, мобилдик байланыш үчүн колдонулган акыркы жабдуулардын түрлөрү, геолокациясы, программалык камсыздоонун идентификаторлору, акыркы өнүм, маалымат субъектиси жана чөйрө, манжа изи боюнча түзмөктө чалуу жана аутентификация функцияларын колдонуу жөнүндө маалыматтар, орнотулган тиркемелер жөнүндө маалыматтар (пакеттердин аталышы, жолдору, уруксаттары, сертификаттары, булактары, колдонулган китепканалар, орнотулган күнү жана убактысы, бедели) жана файлдар (аты, хэш, өлчөмү, жолу), активдүү тармактык туташуулар, түзмөктүн роуминги, тармактык туташуулар жөнүндө маалыматтар, түзмөктүн касиеттери жөнүндө маалыматтар жана электр байланышы жөнүндө мыйзамдарга ылайык башка маалыматтар, салыктык сырды түзгөн маалыматтар ж.б.

Жогоруда аталган жеке маалыматтар Кардарга мамлекеттик (муниципалдык), банктык жана төлөм кызматтарды көрсөтүү, электрондук патентти тариздөө максатында, террористик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу максатында жана ар кандай башка максаттар үчүн иштетүүгө берилет.

Кардар төмөнкүлөр менен таанышып чыкты:

1) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук, Келишимге кол коюлган (ушул Офертага акцепт берилген) күндөн тартып ага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөр, банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр берилген мөөнөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызматтар жөнүндө маалыматтарды сактоо мөөнөтүнүн ичинде жарактуу;

2) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдукту эркин формада жазылган кат жүзүндөгү арыздын негизинде кайта сурап алууга болот;

3) жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук кайра чакыртылып алынган учурда “Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык анын жеке маалыматтарын иштетүүнү толук же жарым- жартылай улантууга болот.

Жеке маалыматтарды иштетүү башталган күн Келишимге кол коюлган (ушул Офертага акцепт берилген) күн болуп саналат.